«Бекитемин»
ОшМУнун ректору,
профессор К.Т. Кожобеков
_______________ 2025-жыл

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин стипендиясы жөнүндө**

# ЖОБОСУ

**Ош-2025**

## МАКУЛДАШУУ БАРАКЧАСЫ

| Аталышы | Структуралык бөлүм | Жооптуу адамдын аты-жөнү | Жооптуу адамдын колу, кол коюлган күнү |
|---|---|---|---|
| Макулдашуу | ОшМУнун көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасы | Нурунбетов Б. | (колу)<br>“__” ___________ 2025-ж |
| Макулдашуу | Коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректору | Мапаева Н. | (колу)<br>“28” 04. 2025-ж |

## 1. Жалпы жобо

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин стипендиясы бул жобого ылайык өткөрүлгөн сынактын жеңүүчүлөрүнө ыйгарылат. Сынак ОшМУнун күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн ар бир окуу жылынын аягында бир жолу уюштурулат. Сынактын негизги максаты - окууда, илимде, маданий-массалык, коомдук, уюштуруу иштеринде жана спорттук иш- чараларда өзүнүн активдүүлүгүн көрсөткөн студенттерге, ошондой эле жаш таланттарга шык, моралдык жана материалдык колдоо, өнүгүүсүнө дем берүү болуп эсептелинет.

## 2. Сынактын милдеттери

2.1. Студенттердин окууга, коомдук жана уюштуруу иштерине активдүү катышууга кызыктыруу;

2.2. Илимий изилдөө иштерине тартуу;

2.3.Университеттин алдынкы студенттерин аныктоо жана коомчулукка алар жөнүндө маалымдоо.

## 3. Сынакты өткөрүүнүн тартиби

3.1. Сынак эки этап менен өткөрүлөт. Биринчи этап институт, факультет жана колледждерде өткөрүлөт. Ар бир институт, факультет жана колледж 3төн ашпаган талапкерлерин университеттик комиссияга июнга чейин сунуштай алат. Институт, факультет жана колледждердин сунуштаган талапкерлери арасында конкурстун экинчи этабы 30-майга чейин жүргүзүлөт. Студенттер эки критерий боюнча бааланат: студенттин окуу-илим чөйрөсүндөгү жетишкендиктери жана сабактан сырткары коомдук ишмердүүлүгү. Конкурстун жыйынтыктары 3.3. пунктунда көрсөтүлгөн баалоо критерийлерине ылайык упайдык баалоо менен аныкталат.

3.2. Сынактын экинчи этабына өткөн студенттер 25-майга чейин ОшМУнун башкы корпусунун 121-кабинетине төмөнкү документтерди тапшырышы зарыл:

- ✓ Студенттин конкурска катышууну каалагандыгын билдирген арыз;
- ✓ Студенттин семестрлерде топтогон баалары жөнүндө тастыктама (транскрипт);
- ✓ Студенттин жетишкендиктерин тастыктаган портфолиосу. Портфолиодо тастыктоочу документтердин копиялары, фотолор болушу керек;

- ✓ Студенттин мотивациялык эссеси. Эссе 300 сөздөн турушу жана мазмунунда “Мен эмне үчүн бул стипендияга татыктуумун?” деген суроого жооп берилиши зарыл;
- ✓ Декандын же директордун сунуштамасы.

3.3. Сынактын катышуучулары төмөндөгү көрсөткүчтөр боюнча бааланып, аныкталат:

| **Көрсөткүчтөр** | | **Максималдык упай** |
|---|---|---|
| Студенттин сессиялардагы жетишүүсү | Ар бир семестрдеги максималдык GPA баллы үчүн 1ден упай | 8 |
| Эл аралык же республикалык олимпиадалардын, конкурстардын мелдештердин акыл таймаш ж. б байге ээси | Эл аралык олимпиадаларда алдыңкы орунга жетишсе | 3 |
| | Республикалык олимпиадаларда алдыңкы орунга жетишсе | 2 |
| | Университет ичинде факультеттер аралык олимпиадаларда алдыңкы орунга жетишсе | 1 |
| Изилдөөчүлүк иштери (долбоорлор, презентациялар) | Эл аралык илимий журналдарга жарыкка чыккан ар бир илимий макала үчүн | 2 |
| | Кыргызстан ичинде илимий журналдарга жарыкка чыккан ар бир илимий макала үчүн | 1 |
| Билим берүү мекемелеринин коомдук, маданий жана спорттук турмушуна активдүү катышуусу | Министрдин, мэрдин, өкмөттүн диплому, сертификат үчүн | 2 |
| | Жеке менчик билим берүү мекемелеринин диплом, сертификаттары үчүн | 1 |
| Университеттин, факультеттин коомдук маданий - массалык иш чараларына катышуусу, ыктыярчылык иш-аракеттери | Ректордун/университеттик диплом, грамотасы, сертификат, ыраазычылык баракчасы үчүн | 2 |
| | Ыктыярчылык иш-аракеттери | 1 |
| | Декандын/факультеттик диплом, грамота, сертификат, ыраазычылык баракчасы үчүн | 1 |
| Факультеттин, жатакананын студенттик кеңештин, акыйкатчы аппаратынын | Факультеттин, жатакананын студенттик кеңешинин төрагасы/төрайымы, студенттик | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| мүчөсү | акыйкатчы, сектор башчысы | |

## 4. Финансылык каржылоо жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо

4.1. Сынакты финансылык каржылоо ОшМУнун ички бюджетинин эсебинен жүргүзүлөт.

4.2. Бул сынактын жалпы сыйлык фондунун өлчөмүн экономикалык пландоо бөлүмү жана көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан жыл сайын аныкталат.

4.3. Жеңүүчүлөр ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин бир жолу берилүүчү стипендиясы жана сертификаты менен сыйланат.

## 5. Уюштуруу тобу жана анын милдеттери

5.1. Институт, факультет, колледждердеги тарбия иштери боюнча орун басарлары жана студенттик кеңеши тарабынан сынактын 1-этабы уюштурулат, университеттик комиссияга жолдомо берет.

5.2. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземин уюштурат жана өткөрөт.

## 6. Комиссиянын курамы

6.1. 1-этапты уюштуруу жана өткөрүү структуранын жетекчисинин буйрутмасы менен бекитилген комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Комиссиянын курамына институттун/факультеттин/колледждин тарбия иштери, илимий иштери боюнча жооптуу өкүлдөрү, профбюро башчысы, кураторлордон, окутуучулардан, аялдар кеңешинен, студенттик кеңешинен, студенттик акыйкатчы аппаратынан өкүлдөр кирет.

6.2. 2-этапты уюштуруу жана өткөрүү ректордун буйругу менен бекитилген комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Комиссиянын курамына проректорлордон, кесиптик кошуундан, аялдар кеңешинен, спорттук клубдан, студенттик кеңештен, акыйкатчы аппаратынан өкүлдөр кирет.

6.3. Комиссиянын иши протоколдоштурулат жана чечими талкууга алынбайт.